
Х.Жээнбаев атындагы
мектеп – лицейи

# БЕНЕФИС

## «Кесибим, окуучум, үй – бүлөм – менин жан дүйнөм»



**Бенефициант: Молдоева Г.Б.**

**Бостери айылы - 2022**

Сканировано с CamScanner

**Бостери айылы**

**Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейи**

**14 – апрель 2022 - жыл**

Ысык – Көл районундагы Бостери айылынын Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин географ мугалими, 11 «г» классынын жетекчиси, соцпедагог, мектептин профсоюз уюмунун төрайымы, Бостери айылынын Жергиликтүү Кеңешинин депутаты, Бостери айылынын Аялдар кеңешинин мүчөсү, «Ажарлуу апалар» тобунун уюштуруучусу жана мүчөсү, Ысык – Көл районун географ мугалимдер тобунун координатору

**Молдоева Гулнар Бейшенбековнанын**

Билим берүү тармагында 36 – жылдык кесиптик эмгек жолундагы чыгармачылык педагогикалык ишмердүүлүктүн бенефиси

**Бенефистин темасы:**

**«Кесибим, окуучум, үй – бүлөм – менин жан дүйнөм»**

**Бенефистин ачылышы:**

1. **«Ажарлуу апалар» тобунун хору. "Бостерим".** Сөзү: Чылпакова Б. Ч. Обону: Серкебаев Б.К.

Ар кимге өтө кымбат туулган жери
Байлыкка ырыскыга мол Бостери
Мен үчүн жүрөгүмдөн орун алган
Издесең эч таппайсың мындай жерди

Конокко кол куушуруп коюн сойгон
Бакытка балкып жашайт айыл эли
Багынып көл жээгине барып калсаң
Чачыңдан жумшак сылайт көлдүн жели

Көл жээги салкын аба тунук суусу
Береке берет уюткулуу ыйык көлү
Дүйнөдөн элдер келип дем алышат
Толкуну жээкке урунат нечен сырдуу

Илимпоз Бостеринин уул, кыздары
Биз үчүн сыймыктанчу жылдыздары

Сканировано с CamScanner

окуучуларга билим, таалим – тарбия берип, эрезеге жеткирген – бул мектеп.

**Урматтуу коноктор**, кеченин ээси тууралуу бейнесин (портрет) сөз менен тарткым келди: Ысык – Көл районундагы Бостери айылынын Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин географ мугалими, 11 «г» классынын жетекчиси, соцпедагог, мектептин профсоюз уюмунун төрайымы, Бостери айылынын Жергиликтүү Кеңешинин депутаты, Бостери айылынын Аялдар кеңешинин мүчөсү, «Ажарлуу апалар» тобунун уюштуруучусу жана мүчөсү, Ысык – Көл районун географ мугалимдер тобунун координатору **Молдоева Гулнар Бейшенбековнанын** Билим берүү тармагында 36 - жылдык кесиптик эмгек жолундагы чыгармачылык педагогикалык ишмердүүлүктүн бенефисин ачык деп жарыялайбыз.

4. **Куттуктоо сөз:**
- Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин директору **Сулайманов Жаныш Мукашович;**
- Ысык – Көл районунун Билим Берүү бөлүмүнүн жетекчиси **Баякунова Гүлнур Муканбетовна;**
- Ысык – Көл районунун Билим Берүү бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары **Сулайманова Зинакул Мукашовна;**
- Ысык – Көл районунун Билим Берүү бөлүмүнүн алдындагы усулкананын усулчусу **Соодакеева Назира Эленовна;**
- Ысык – Көл районунун Билим Берүү бөлүмүнүн Балдар чыгармачылык уюмунун директору **Бугубаева Гүлмира Жумабековна;**
- Ысык – Көл районунун социалдык өнүгүүнүн башкармалыгынын үй – бүлөө, балдарды коргоо бөлүмүнүн башкы адиси **Темиралиева Анара Мусабаевна.**
- Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы **Сопуев Курманбек Момунбаевич;**
- Бостери айылдык депутаттар кеңешинин төрагасы **Усубалиев Эмил Джумаевич;**
- Бостери айылдык депутаттар кеңешинин төрагасынын орун басары **Байтокова Макиш Садыбакасовна;**
- Бостери айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси **Рахат Дүйшеевна.**

5. **Видеокуттуктоолор:** (апасы, эжеси, кайынэже) - 3мин.
6. **Ыр.** "Ата – эне". Сөзү, обону Ж.Кайыпов. (Атк. Турдубеков Албан)
7. **Куттуктоо сөз кезеги:** Ысык – Көл районунун география мугалимдеринде.
8. **Видеоролик:** (окуучулук күндөр, студенттик курак) (1.41 мин.)
9. **Куттуктоо сөз кезеги:**
- А.Мамытов атындагы мектеп – гимназиянын директору **Абдырахманова Бурул Чокоевна;**
- Т.Атаев атындагы орто мектебинин директору **Атаева Майрам Токтосуновна;**

Сканировано с CamScanner

Суусу дары, кумдары алтын көлүбүздүн

Күтүшөт меймандарды эл жайдары

Көлүмдөй бакыт берсин эл жериме

Ыйманды мен тилеймин кутман элге

Бузуку келбесе экен жерибизге

Кармап кал бакыт кушун Бостериде.

**2. Сөз бүгүнкү чыгармачылык кечении ээси Молдоева Г.Б.**

Салам айтам, жамгырдын суусу болуп.

Берметим Ысык – Көлдүн буусу болуп.

Ыргактуу комузумдун күүсү болуп,

Салам айтам кыргызымдын кызы болуп!

Мугалим ким? Мөмөлүү дарак, даанышман, билим берүүчү, тарбиячы, насаатчы. Мугалимдин кесиби оор, мугалим түйшүктүү кесиптин ээси. Мугалим билимдүүлүгү гана эмес, сөзү жана маданияттуулугу айрыкча бааланат. Мугалим окуучулардын дарыгери эмес, коомдун дарыгери! Кокус коом ооруса, ал оору адегенде мектепке жугат. Аны мугалим гана дарылап айыктырат, демек коом мугалимге карап түздөнөт, ошон үчүн ал адам **МУГ + ААЛЫМ!**

Анда эмесе, урматтуу, сыйлуу, чакырылган коноктору, бүгүнкү чыгармачылык кечеге кош келипсиздер!

**3. Алып баруучу:** Бакасов Жыргал

Саламатсыздарбы, Урматтуу коноктор, мектеп жааматынын мугалимдери.

**Билим берип балдарга,**

**Билим кенин ачкан ким?**

**Тарбия берип, окутуп,**

**Акылга, акыл кошкон ким? Ал – Мугалим!**

**Мугалим** бул – бизге жашоого жол көрсөтүп багыт берген, келечек ээлерине билим берген. Дүйнөнүн сырларын ачкан адам болуп эсептелет. Мугалим үчүн өзүнүн баласынан дагы, окуучусунун тартиби, билими өйдө болуп калат. Себеби ал мугалимдин кесибине болгон сүйүүсү. Ошондуктан мугалим окуучуларга экинчи ата – эне, мектеп – экинчи үй.

"Окуу – билим азыгы, билим ырыс азыгы" дегендей, "А" тамгасын таанытып,

Сканировано с CamScanner

- Окуу бөлүмүнүн башчысы **Исмаилова Назира Джолочиевна;**
- Мектептин тарбия завучу **Мамбетбаев Максат Батырбекович;**
- Башталгыч класстардын окуу бөлүм баш. **Абышова Кенже Казакбаевна;**
- Методист завучу **Турусбекова Алмагул Качкыновна;**
- Биология мугалими **Амина Жумаевна;**
- Математика мугалими **Гуля Кудашевна.**

**10.Алып баруучу: Куттуктоо сөз: "Ажарлуу апалар"** тобу.

Тандалган айымдар Бостеринин
Атагын даңтайбыз деп өз жеринин
Биригип топ түзүлүп чыга келди
Өнөрүн көрөсүздөр ар биринин
"Ажарлуу апалар" деп топтун атын
Көтөрүп зоболосун аял заттын
Канакей анда эмесе чамдагыла
Айымдар өнөрүңдү өргө чапкын!

**11.Бостери айылынын аялдар кеңешинин төрайымы, "Ажарлуу апалар" тобунун уюштуруучусу Чылпакова Бүбүсара Чылпаковнада.**

**Гүлнара Молдоевага арналат:**

Калыстан чындык издеп сен келесиң
Ак – караны талдоого дем бересиң
Окуучуга "Билим" деген ураан менен
Деңиздерде айдайсын сен кемесин!

Жолдошбектин жүрөгүнөн орун алдың
Бостериге келин болдуң калың калктын
Иш билип дайыма алга жүрдүң
Эл сыйлап, көтөрүлдү кадыр баркың!

Кыздарыбыз билим алып сендей болсун!
Кыргызга кызмат өтөп таза сокkон желдей болсун.
Ден – соолукта аянбай иштей бергин
Бали! – деп Бостериге бакыт консун!

Сканировано с CamScanner

Билим менен жаштарды сен сугардың
"Намыс" туусун көтөрүп бийик тактың
Ишиңди ийгиликтер коштоп дайым
Кыз Сайкалдай тарыхта калсын атың!

**12.Кыргыз бий.** "Аян". (11 – класстын кыздары: Перизат, Бегимай, Адинай).

**13.Куттуктоо сөз кезеги:**

- Бостери айылындагы ПОМдун жана ЖИИнин **инспектору Ашымалиева Нагима Олжобаевна;**
- Т. Атаев атындагы орто мектебинин социалдык педагогу **Шаршеналиева Аниса Эсеновна;**
- А. Мамытов атындагы мектеп – гимназиясынын тарбия завучу **Сабыров Эрмек Кубанычбекович.**

**14.Алып баруучу:**

Мугалим болот мөмөлүү дарак,
Мугалимдин тарыхы бир чексиз барак,
Талыкпастан окуучуга билим берип,
Эң алгачкы мугалим сабат ачат.

**Мугалим** бул – балдарды сүйгөн жана балдардын сүйүүсүнө ээ болгон инсан. Ар бир адамдын мугалими болгон, жада калса улуу даанышман адамдар дал ушул, мугалимдердин колунан сабат алган. Мугалимдик кесипти аркалап келе жаткан жалпы жааматка бекем ден – соолук, күч – дем, талыкпас кайрат, иштерине ийгилик, чыгармачылык жана жаңылануулларды жарата бериңиздер. Мугалимдин билим тарбиясы эң баалуу жана эң керектүү түгөнбөгөн кенч. Мугалим окуучуларына тартуулаган мээрим, жылуулук, таза сезим жакшы ийгиликтерге алып келет.

**Агай – эжейлерибиз бар болсун!**
**Мугалим бул – кесиптердин сереси,**
**Мугалим бул – кесиптердин төрөсү,**
**Мугалимдер сыйкырдуу бир дарактай,**
**Жайдыр – кыштыр бышып турган мөмөсү!**

**15.Видеоролик:** (эмгек жолу) 3 мин.

**16. "Ойно комуз". Күү.** (атк. 8 кл. окуучулары Адилет, Малика, Алина)

**17.Алып баруучу:**

Мугалим... кандай гана ардактуу сөз. Мугалим кылымдардан бери келе жаткан эскирбеген кесип. Анын педагогикалык акыл топтому, алысты көрө билгендиги, изденгичтиги жана жаш баладай жумшак баёо көңүлүн, бүткүл чыгармачылык кудретин келечек ээлерине терең билим, мыкты тарбия берүүгө жумшагандыгы менен кадырлоого ээ болгон инсан.

Сканировано с CamScanner

18. **Сценка. “Мугалимдик кесиптен бир үзүм”** (атк. Абдыбекова Элмира. Сыдыгалиева Жазгүл.)

19. **Видеокуттуктоолор.** Мектепти бүтүрүп кеткен окуучулардан:
**1 бүтүрүүчүлөр** – 1988 ж окуучулар 2005ж, **2 бүтүрүүчүлөр** – 1994 ж. – 2012 ж., **3 бүтүрүүчүлөр** – 1997 ж – 2015 ж.

20. **Хор. “Көл кечи”** - топтун аткаруусунда.
Сөзү: Т. Кожомбердиевдики, обону: К. Букалаевдики

21. **Видеослайд.** (үй – бүлө тууралуу). (2 мин.)

22. **Обондуу ырлар: “Чоң эне...”** (“Ажарлуу апалар” тобу)

23. **Куттуктоо сөз.** Достору. Мектептин жааматы.

24. **Ыр. “Достор”.** Бектурганова Анаркүл.

25. **Куттуктоо сөз.** 11 “г” классынын бүтүрүүчүлөрүндө.

26. **Ыраазычылык сөз. :** Урматтуу коноктор, бүгүнкү менин чыгармачыл кечеме келип бергениңиздерге терең ыраазычылык билдирем, алтындай убактыңарды бөлүп, мугалимдик кесибимди аркалап келген ишмердүүлүгүмө күбө болдуңуздар.

27. **Алып баруучу:**

**Жыйынтыктоочу сөз:** Гулнар Бейшенбековна өзүнүн деңгээлине жараша ийгиликтерге жана жетишкендиктерге жетишти. Эжебиз өзүндөгү табигаттан берилген жакшы сапаттарын таанып билип, иш жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды. Өзүнө берилген талантын өнүктүрүп, эмгектенип, изденип, максатына жетүүгө тынымсыз аракеттерди жасоо менен ушундай ийгиликтерге жетти.

Кыргыз элим соо болсун,

Кылымга ишиң оң болсун!

Торолуп сабий балдарың,

Толкуган көлдөй ой болсун!

Ала – Тоодой козголбос,

Элимде тынчтык орносун!

Азап чекпей кары жаш,

Айлыбызда дайым той болсун!!!

28. **Дасторкон үстүндө – сый урмат.**
Коноктон түк бир жадабас
Колунда барын аябас
Бостериликтердин тоодой пейли бар
Толкуган Ысык – Көлүндөй чамалаш.

Сканировано с CamScanner